Бекитем
А.Тилекеев атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
директору __________ Кенжегулова О.А.

## Ата-энелер комитети жөнүндө типтүү жобо

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Бул жобо КР "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетин жөнгө салат, анткени, ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.\

1.2. Ата-энелер комитети жөнүндө жобо ата-энелердин жалпы мектептик чогулушунда кабыл алынып, бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директордун буйругу менен ишке киргизилет.

1.3. Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары-"комитет" – деп берилет) үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрайым башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине бай ийүү менен ата-энелер комтетинин конференциясында тактама(отчет) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү – 3 –жыл (же комиитеттин жылына үчтөн бири алмаштырылып турат).

1.4. Анын иш аракеттерин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.

1.5. Комитеттин иш – аракеттери КР "Балдар жөнүндөгү" Кодексине, КР «Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына КР өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "Жалпаы билим берүүчү уюм жөнүндөгү" типтүү жобого, "Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы" жана ушул жобого ылайык ишке ашырылат.

1.6. Комиттеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.

2. **Негизги милдеттери**

2.1. Жалпы билим берүүчү мектептин жетекчисине:

- Мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарында балдар менен мектеп жашындагы өсүрүмдөрдүн милдеттүү түрдө жана акысыз бекер жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алуусуна;
- Мамлекеттик билим берүү уюмдарындагыдай эле мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмдарында да КР ченемдик - укук актыларына ылайык, окуучулардын окуу жүктөмү(нагрузкасы), сабактардын тартиби, үйдөн окуусуна жана дарылоо мекемелеринде окутууга;
- Жалпы мамлекеттик иш чараларды уюштурууга жана аларды өткөрүүгө көмөк көрсөтөт.

2.2. Жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларынын ата-энелери(мыйзамдуу өкүлдөрү) менен алардын укуктары менен милдеттерин түшүндүрүү, үй-бүлөдө баланы тарбиялоо, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдарды башкаруу процессине тартуу боюнча иштерди жүргүзүү болуп эсептелет.

3. ***Жалпы ата-энелер комитетинин функциялары***

3.1. Окуу-тарбиялык процессти уюштуруу үчүн (окуу китептери, көрсөтмө усулдук куралдарды сатып алууга, аларды даярдоого, окутуу жабдулары менен камсыз кылууга ж.б.) оптималдуу шарттарды камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

3.2. Класстык ата-энелер комитеттердин иш-аракеттерин координациялайт.

3.3. Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) арасында окуучулардын ата-энелеринин жана окуучулардын укуктары менен милдеттри жөнүндө түшүндүрүү жана консультативдик иштерди өткөрөт